Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча инспекциясы жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаменти ишкерлер менен кайра байланыш механизмин ишке киргизди. Демилге Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги тарабынан колдоого алынды

# Ишкерлер менен кайра байланыш механизми

**Биздин ишке баа бериңиз!**
**Эффективдүү мамлекет сизден башталат!**

*Алгачкы кадамды бирге жасайлы!*



## 1 кадам Кайрылууну алуу

1-вариант. Өзүңүздүн электрондук почтаңызды инспекторго калтырыңыз. Инспекциянын атынан Сиздин дарегиңизге анкетасы бар кат келет.
2-вариант. Төмөнкү веб-сайттарда жайгашкан анкетаны толтуруңуз: Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги: www.mineconom.gov.kg же www.proverka.kg, Мамэкотехинспекция: www.geti.gov.kg, ОААжМСЭКД: www.dgsen.kg



## 2 кадам Базага маалыматтарды автоматтык түрдө киргизүү

Электрондук почта же веб-сайттар аркылуу алынган ишкерлердин кайрылуулары маалыматтар базасына автоматтык түрдө киргизилет



## 3 кадам Кайрылууларга талдоо жүргүзүү

Алынган маалыматтар жалпыланат жана талдоо жүргүзүү үчүн Мамэкотехинспекциянын жана Санэпиддин тиешелүү бөлүмдөрүнө берилет



## 4 кадам Тиешелүү чараларды көрүү

Талдоо жүргүзүүгө негизденип инспекциялар аныкталган эреже бузууларды жоюу жана инспекция менен анын кызматкерлеринин иш процессин жакшыртуу боюнча чараларды көрөт



## 5 кадам Базадагы бардык маалыматтарды генерациялоо

Сурамжылоонун жыйынтыктары www.proverka.kg порталында графикалык маалыматтар түрүндө автоматтык түрдө генерацияланат. Отчет ар бир 3 ай сайын даярдалып турат.



## 6 кадам Сайтка жыйынтыктарды чыгаруу

Ишкерлер инспекциялардын www.geti.gov.kg жана www.dgsen.kg веб-сайттарынан маалыматтар, сурамжылоонун жыйынтыктары жана отчет менен тааныша алышат. Бул маалымат КР Экономика министрлигинин www.mineconom.gov.kg; www.proverka.kg веб-сайттарына да чыгарылат

Кайра байланыш механизмин киргизүүнүн максаты болуп инспекциялардын ишине бизнестин оперативдүү жана калыс баа бериши саналат. Ушул баа берүүлөрдүн жыйынтыктары инспекциялардын ишин андан ары жакшыртуу үчүн колдонулат.

Демилге Швейцариянын жана Улуу Британиянын өкмөттөрү тарабынан каржылануучу Кыргыз Республикасында инвестициялык климатты жакшыртуу боюнча эл аралык финансылык корпорациясынын (IFC) долбоору менен колдоого алынды.